**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**5-класс**

**Оң жактагы текстти окугула.**

***1-тапшырма.***

Арсенге эң кыска жол менен дүкөнгө жетиши керек.


Эгер ар бир үйдүн капталы 30 м, көчөнүн туурасы 3 м болсо, үйдөн дүкөнгө чейинки эң кыска жолду эсептегиле.

**Бир туура жоопту тандагыла:**

А) 132 м
Б) 150 м
В) 162 м
Г) 165 м

**Дүкөн**

Үйлөр план боюнча квадраттар менен көрсөтүлгөн. Үйлөрдүн ортосундагылар - көчөлөр.
Мында М - дүкөндүн жайгашкан жери,
Д - үйдүн жайгашкан жери. Чекиттер менен үйгө жана дүкөнгө кирүү, чыгуу көрсөтүлгөн.




**Оң жактагы текстти окугула.**

***2-тапшырма.***

Арсен 3 литр шире сатып алышы керек. Өздүк наркын үнөмдөө менен кайсы шире таңгактарын сатып алуу пайдалуу болот?

*Таблицадан бир туура жоопту тандагыла:*

А) 42 сомдук 0,75 л таңгак
Б) 30 сомдук 0,5 л таңгак
В) 60 сомдук 1 л таңгак
Г) 87 сомдук 1,5 л таңгак

**Жообун чыгарылышы менен жазгыла:**

**Дүкөн**

Арсендин үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары “Джус” ширесин жакшы көрүшөт. Дүкөндө ар кандай өлчөмдөгү таңгактарда «Джус» ширеси сатылат.

| № | Таңгак, л | Таңгактын баасы, сом |
|---|---|---|
| А) | 0,75 | 42 |
| Б) | 0,5 | 30 |
| В) | 1 | 60 |
| Г) | 1,5 | 87 |

**Оң жактагы текстти окугула.**

***3-тапшырма.***


Арсен дүкөндөн 2300 сомдук товар сатып алган.
Арсен үнөмдөлгөн акчага төмөндөгү нерселердин кайсынысын сатып алса болот?




**Туура жооп тандагыла:**

А) торт
Б) чипсы
В) какао
Г) шоколад

**Дүкөн**




Арсен дүкөнгө келгенде акция жүрүп жаткан. Эгер 2000 сомдон жогору суммага товар сатылып алынса, анда бардык сатып алууга 9% арзандатуу колдонулган.